«БЕКИТЕМИН»

Ош мамлекеттик университетинин ректору,

проф. К.А. Исаков

«04» 09 2018-ж.

Аскар кызы Жылдыздын «Орто мектептин окуучуларынын тилдик компетенцияларын өркүндөтүүдө профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутуу методикасына арналган эмгектерин колдонуу технологиялары» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## РАСМИЙ ПИКИРИ

**1. Изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Эгемендүүлүккө ээ болуу менен кыргыз тилинин Кыргыз Республикасындагы коомдук-социалдык, маданий жана саясий жактан аткарган кызматы, мамлекеттик мааниге ээ болгон маккамы эң жогорку деңгээлге жетти. Азыркы учурда кыргыз тили эне тили, экинчи тил жана чет тили катары окутулуп, кыргыз коомчулугунун бардык чөйрөлөрүндө колдонулуп, бардык мамиле-алакаларды тейлеп келет.

Кыргыз тилин окутуп-үйрөтүүдө аны эне тили катары окутуунун мааниси чоң. Ааламдашуу доорунда кыргыз тили кыргыз элинин баа жеткис руханий казынасы, баалуулугу катары ардакталышы, ар тараптан колдоого алып, аны өнүктүрүүгө, өсүп келе жаткан муундарды эне тилинин байлыктары менен куралданып, эне тилди колдонууга, сыйлоого жана аны менен сыймыктанууга үйрөтүү актуалдуулукка ээ болду.

Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун тарыхы бир кылымдан ашты. Бул мезгилде окутуунун практикасында бай тажрыйбалар топтолуп, илимий-педагогикалык, методикалык ондогон эмгектер жарык көрдү. Кыргыз тилин окутуунун методикасынын өзүнчө илим катары калыптанышына И.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Наматов сыяктуу алгачкы агартуучулар негиз салса, анын толук калыптанып, андан ары өнүгүшүнө салым кошкон окумуштуулардын ичинен профессор К.К.Сартбаев өзүнүн фундаменталдуу эмгектери менен айырмаланып турат. Анын методикалык эмгектери өткөн кылымдын 60-жылдарынан тартып, азыркы күнгө чейин пайдаланылып келет. Ага карабастан, профессор К.К.Сартбаевдин методикалык мурастарын азыркы суроо-талаптарга ылайыктап, толуктап колдонуу маселеси атайын изилденбей келди.

Пикир айтылып жаткан бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу профессор К.К.Сартбаевдин бай методикалык мурастарын бүгүнкү талаптарга, педагогиканын жетишкендиктеринин азыркы деңгээлине жараша, окуучулардын тилдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө колдонуунун технологияларына арналгандыгы менен аныкталат. Профессор К.К.Сартбаевдин методикалык эмгектерин дидактиканын тарыхый принцибине таянуу менен колдонуунун сунуш кылынышы иштин актуалдуулугун тастыктап турат.

2. **Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоболор, жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар педагогикалык, методикалык изилдөөлөрдүн методологиясына, анын талаптарына ылайык негизделген. Мында изилдөөнүн педагогикалык эксперименттик иштердин жыйынтыктары да кеңири пайдаланылган. Изденүүчү профессор

К.К.Сартбаевдин методикалык мурастарын ар тараптан терең талдоо менен, аларды жалпылаштыруу аркылуу алынган жыйынтыктарын педагогика илиминин, кыргыз тилин окутуунун методикасынын соңку жетишкендиктери менен айкалыштыруу менен жоболорду, тыянактарды жана сунуштарды иштеп чыккан. Изилдөөнүн максаты менен милдеттердин так аныктап, аларды логикалык ырааттуулукта, илимий-педагогикалык эмгектерди пайдалануу, жеке ой-сунуштарын билдирүү менен коргоого коюлуучу жоболорду, жыйынтыктарды жана практикалык сунуштарды жетиштүү деңгээлде негиздөөгө жетишкен.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

Бул диссертациялык иште кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык маселелерин чечүүгө алтымыш жылдан ашык кызмат кылып келе жаткан профессор К.К.Сартбаевдин методикалык мурастары иликтөөгө алынып, аларды эне тилди окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарга ылайык өркүндөтүп колдонуу маселеси окуучулардын тилдик компетенцияларын өнүктүрүүгө карата пайдалануунун технологияларынын иштелип чыгылышы илимий жаңылык катары бааланат.

Бул иш кыргыз тилин эне тили катары компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун бир катар теориялык маселелерин аныктап, кыргыз тилин окутуунун методикасы илимине теориялык бир катар зарыл маалыматтарды, тыянактарды бере алгандыгы менен колдоого арзыйт.

**4. Изилдөнүн практикалык баалуулугу.**

Изилдөөдөн алынган илимий-методикалык жоболор, чыгарылган жыйынтыктар жана практикалык сунуштар кыргыз тилин окутуунун практикалык маселелерин чечүүгө кызмат кыла алат. Атап айтсак, кыргыз тилин окутуунун мамлекеттик стандарттардын жаңылоо концепцияларын,

окуу программалары менен окуу китептерин компетенттүүлүккө негиздеп толуктоого, тактоого, жакшыртууга керектүү материалдарды берет.

Профессор К.К.Сартбаевдин методикалык эмгектерин үйрөнүүнү тарыхый принцибине таянуу менен өзгөртүп, толуктап, өркүндөтүп колдонуунун конкреттүү технологиялары практикада колдонууну ийкемдүү жана күтүлгөн натыйжаларды алууга кызмат кылат. Кыргыз тили сабактарынын класстар боюнча иштелип чыккан үлгүлөрү изилдөөнүн практикалык маанисин жогорулатат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

Профессор К,К.Сартбаевдин методикалык мурастарын талдоо, жалпылаштыруу, алардагы азыркы талаптарга жооп берүүчү ой-сунуштарды, концепцияларды аныктоо, окуучулардын тилдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө колдонуу технологиялары толугу менен изденүүчү тарабынан жекече иштелген. Эксперименттик иш-аракеттер изденүүчүнүн катышуусу же анын көрсөтмөлөрү менен жүргүзүлгөн коргоого коюлуучу жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар жекече аткарылган.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Диссертация киришүүдөн, үч глава жана корутундудан жана практикалык сунуштардан турат. Изилдөөдө 158 аталыштагы эмгектер пайдаланылган. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо изилдөөлөргө коюлган талаптан ашкан эмес. Автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө – ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

Биринчиси, диссертациялык иште профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган эмгектеринин дээрлик бардыгы талдоого алынып, алар боюнча жыйынтык пикирлер чыгарылган. Эгерде иштин өзүндө же тиркеме катары профессор К.К.Сартбаевдин методикалык эмгектеринин библиографиясы берилсе, иштин практикалык мааниси дагы да жогоруламак.

Экинчиси, диссертациялык иште профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тил илиминин бардык бөлүмдөрүн окутууга арналган методикалык эмгектери талдоого алынган. Ошол эле учурда жалпы эле тилди, анын ичинде, кыргыз тилин окутууда текстти колдонуу боюнча окумуштуунун метод-сунуштары тууралуу сөз болгон эмес.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Аскар кызы Жылдыздын «Орто мектептин окуучуларынын тилдик компетенцияларын өркүндөтүүдө профессор К.К.Сартбаевдин кыргыз тилин окутуу методикасына арналган эмгектерин колдонуу технологиялары» деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Аскар кызы Жылдыз 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2018-жылдын 4- сентябрында (№ 1-протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1. **Момуналиев С.** – Кыргыз тилин жана адабиятын окутуу методикасы кафедрасынын башчысы, п.и.д., профессор;
2. **Жороев Т.** – ОшМУнун Мамлекеттик тил боюнча проректору, п.и.к., доцент;
3. **Тагаева З**. – ф.и.к., доцент;
4. **Шайымкулов О**. – п.и.к., доцент;
5. **Райымбердиева З.** – п.и.к., доцент;
6. **Давлатова С.** – ф.и.к., доцент;
7. **Исаева М.** – ф.и.к., доцент;
8. **Маматова А.** – улук окутуучу;
9. **Жумаев Н.** – улук окутуучу;
10. **Камчыева Ж.** – улук окутуучу.
11. **Мамазаитова Б.** – улук окутуучу.
12. **Чоткеева К.** – улук окутуучу.

**Отурумдун төрагасы, педагогика**
**илимдеринин доктору, профессор** С.Момуналиев
**Катчысы:** **З. Райымбердиева**

*Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.Момуналиевдин жана п.и.к.,доцент З.Райымбердиевалардын кол тамгаларын тастыктаймын.*

*Ош мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,*

М. Байгубанов

Дата поступления отзыва
в ДС Д.13.18.580
11.09.2018 г.
Уч. секр. Смирбаева Д.К.